УДК 14:141.7
DOI: 10.36979/1694-500X-2025-25-2-50-55

# КОНЦЕПЦИИ ГРАЖДАНСКОГО ОБЩЕСТВА В СОВРЕМЕННОЙ СОЦИОГУМАНИТАРНОЙ МЫСЛИ

***А.К. Бектанова***

*Аннотация.* Одними из важных проблем современной социогуманитарной мысли являются формирование и развитие гражданского общества. Особенно эти проблемы актуальны для транзитных обществ, к которым относится и Кыргызстан. В статье рассматриваются концептуальные подходы к пониманию гражданского общества в современных западных и постсоветских социогуманитарных науках. Автор выделяет четыре периода в генезисе идеи гражданского общества и отмечает, что реактуализация теории и практики гражданского общества начинается со второй половины XX в. в странах Запада. Современный период совпадает с эпохой постмодернизма. Западная социогуманитарная мысль постмодернизма в вопросах гражданского общества, опираясь на классические теории гражданского общества, творчески их перерабатывает в соответствии с новыми реалиями общественной жизни. Автор отмечает, что западные обществоведы отмечают спонтанный и поливариативный характер формирования гражданского общества, обусловленный объективными и субъективными факторами. Постсоветские исследователи рассматривают гражданское общество, с одной стороны, как идеальное явление, а с другой – как реальное конкретно-историческое состояние.

*Ключевые слова:* гражданское общество; социогуманитарная мысль; постмодернизм; гражданская солидарность; парадигма; евразийская модель.

# АЗЫРКЫ КООМДУК-ГУМАНИТАРДЫК ОЙЛОРДО ЖАРАНДЫК КООМДУН КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ

***А.К. Бектанова***

*Аннотация.* Азыркы коомдук-гуманитардык ойдун маанилүү проблемаларынын бири жарандык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү болуп саналат. Бул көйгөйлөр өзгөчө Кыргызстанды камтыган транзиттик коомдор үчүн актуалдуу. Макалада заманбап батыш жана постсоветтик социалдык-гуманитардык илимдерде жарандык коомду түшүнүүгө концептуалдык мамилелер каралат. Автор жарандык коом идеясынын генезисинде төрт мезгилди аныктап, жарандык коомдун теориясы менен практикасынын актуалдашуусу XX кылымдын экинчи жарымынан башталганын белгилейт. Заманбап мезгил философиядагы постмодернизм дооруна туура келет. Батыштын социалдык-гуманитардык ой жүгүртүүсү жарандык коомдун маселелеринде постмодернизмдин классикалык теорияларына таянуу менен аларды коомдук турмуштун жаңы реалдуулуктарына ылайык чыгармачылык менен кайра иштеп чыгат. Автор белгилегендей, батыш коом таануучулары объективдүү жана субъективдүү факторлор менен шартталган жарандык коомдун калыптанышынын стихиялуу жана поливариативдик мүнөзүн белгилешет. Постсоветтик изилдөөчүлөр жарандык коомду бир жагынан идеалдуу көрүнүш, экинчи жагынан – чыныгы конкреттүү тарыхый абал катары карашат.

*Түйүндүү сөздөр:* жарандык коом; социалдык-гуманитардык ой; постмодернизм; жарандык тилектештик; парадигма; евразиялык модель.

# CONCEPTS OF CIVIL SOCIETY IN MODERN SOCIO-HUMANITIES THOUGHT

***A.K. Bektanova***

*Abstract.* One of the important problems of modern socio-humanitarian thought is the formation and development of civil society. This problem is especially relevant for transit societies, which include Kyrgyzstan. The article examines conceptual approaches to understanding civil society in modern Western and post-Soviet social sciences and

humanities. The author identifies four periods in the genesis of the idea of civil society and notes that the actualization of the theory and practice of civil society begins in the second half of the 20th century. in Western countries. The modern period coincides with the era of postmodernism. Western socio-humanitarian thought of postmodernism in matters of civil society, relying on classical theories of civil society, creatively reworks them in accordance with the new realities of public life. The author notes that Western social scientists note the spontaneous and multivariate nature of the formation of civil society, due to objective and subjective factors. Post-Soviet researchers view civil society as, on the one hand, an ideal phenomenon, and on the other, as a real, concrete historical state.

*Keywords:* civil society; socio-humanitarian thought; postmodernism; civil solidarity; paradigm; Eurasian model.

Коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө түп тамырлык, сапаттуу өзгөрүүлөргө алып келген глобалдаштыруу процесстери, өзгөрүп жаткан социумга заманбап көз караштардын терең философиялык рефлексиясын талап кылат. Ушуга байланыштуу заманбап жарандык коомду, анын мүнөздөрүн, белгилерин жана калыптандыруу шарттарын изилдөө олуттуу кызыкчылыкты туудурат.

Жарандык коом – экономикадагы базар карым-катнаштары, жарандардын жеке эркиндиктерине болгон сый-урмат, кепилдик, укуктук мамлекетти функционалдашыруу, жарандык коомдун институционалдык өзөгүн түзүүчү ыктыярдуу союздар менен ассоциациялардын өнүккөн системасы, маанилүүлөрү болуп тилектештик, толеранттуулук, ынтымактуулук, ачыктык ж.б.у.с. эсептелген баалуулуктардын жалпы системасына болгон жакындык менен айкалышкан батыш теориялык ойломунун жана социалдык тажрыйбанын көрүнүшү.

Жарандык коом идеясынын генезиси жана эволюциясы антикалык мезгилден тарта өзүнө ар кыл социалдык-философиялык парадигмалардын, тарыхый жана концептуалдык-теориялык ич ара байланышкан төрт этаптын ыраатту алмашуусун камтып турат: 1-этап – антикалыктан XVII кылымга чейин – баштапкы мезгил – «politike koinonia» (грек.), «societas civilis» (лат.) термининин пайда болушу бизче которгондо «жарандык коом» жана жарандык коом идеясынын калыптануусу үчүн тарыхый-философиялык өбөлгөлөрдүн жаралышы дегенди түшүндүрөт; 2-этап – XVII кылымдын экинчи жарымы – XVIII кылымдын биринчи жарымы – «табигый-укуктук мезгил» – жарандык коом коомдук келишимдин натыйжасы, башкача айтканда, мамлекет катары түшүндүрүлөт; 3-этап – XVIII кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башталышы – «жарандык коом» жана «мамлекет» түшүнүктөрүн чектеген окуулар таанылган, колдоого жана өнүгүүгө ээ болгон «легитимдештирилген» мезгил; 4-этап – XX кылымдын аягынан – кайра жаралуу мезгили. Бул этапта дүйнөдө болуп жаткан модернизациялык процесстердин контекстинде жарандык коом идеяларынын кайра жаралуусу жүрөт. Батышта жарандык коомдун заманбап түшүнүгүнүн негизин Г. Алмонд, Д. Истон, К. Поппер салган. Алардын идеясын Э. Арато, Дж.Л. Коэн, Р. Дарендорф, И. Шапиро, О. Энкарнасьон жана башкалар уланткан.

Жарандык коомдун теориясы менен практикасын реактуалдаштыруу XX кылымдын экинчи жарымынан башталып, биринчиден, батыш коому менен постмодерн доорунда пайда болгон социалдык карама-каршылыктар, экинчиден, Латын Америкасындагы, Түштүк жана Чыгыш Европадагы тоталитардык жана авторитардык режимдердин кулашы менен байланышкан. Аталган маселеге болгон кызыгууну ааламдашуу жана аны менен байланышкан ар кыл маселелердин комплекси андан сырткары, Советтер Союзунун жана социализм системасынын кулашы кыйла күчөткөн. Заманбап батыш изилдөөчүлөрү өзүлөрүнүн жарандык коомдун концепцияларында классикалык философиялык салтка заманбап социалдык болмуштун жана таанымдын көз карашында маани берүү менен философиялык постмодернизм идеясына таянып, жарандык коомдун классикалык аныктамасына, анын үч бөлүктүү: “мамлекет – жарандык коом – экономика” моделине таандык болгон “жарандык коом – мамлекет” дихотомиясын алмаштырган.

Постмодернизм философиясы коомдук жашоо менен жарандык коомдун феноменин интерсубъективдик бирдиктүү иш-аракеттин көз карашында карап, коммуникация катары кызмат кылат. Көңүл борборуна бир эле мезгилде

жарандык коом менен мамлекеттин карым-катнашы туурасындагы маселе сыяктуу эле инсан менен коомдун карым-катнашы жөнүндөгү маселе чыгат. Илимий адабияттын талдоосу көрсөткөндөй, заманбап авторлор жарандык коомдун классикалык теорияларынын жоболорун четке кагышпастан, аларды чыгармачылык маани берүүгө жана жаңы концептуалдык көз караштарды талдап берүүгө дуушар кылат.

Франкфурт философия мектебинин жолун жолдогон Дж. Хабермас жарандык коомду өзүнүн коммуникативдик иш-аракет жана кеңешүүчү демократия теориясынын призмасы аркылуу карап, өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Жарандык коом, Ю. Хабермастын пикиринде, “турмуштук дүйнөдө” – “колониязацияга” “системалык дүйнө” менен дайыма дуушар болгон адамдардын түздөн-түз коммуникация чөйрөсүндө калыптанат [1, 192-б.]. Акыркысы өзүнө экономикалык жана мамлекеттик ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү адамдардын анонимдик карым-катнаштарынын жыйындысын камтып турат. Ошентип, Хабермас жарандык коомдун үч бөлүктүү моделин сунуштап, аны мамлекет менен экономикалык чөйрөдөн ажыратат. Жарандык коомдун институционалдык ядросу катары мамлекет менен экономикадан тышкары турган, жарандарга өз алдынча башкарууга, салттар, күч жана ырым-жырымга негизделген бийликке каршы иш алып барууга мүмкүнчүлүк берген эркин ассоциацияларды таанышт. Алар коомдук келишимди орнотууга алып келүүчү делиберативдик дискурстун социалдык мейкиндигин түзүшөт.

Хабермастын философиялык концепти олуттуу илимий-теоретикалык жана методологиялык база жана чындыгында жарандык коомдун көптөгөн заманбап моделдеринин калыптануусунун түгөнгүс идеялык булагы болуп калды.

Хабермастын “турмуштук дүйнө” туурасындагы окуусуна болгон реконструкцияны америкалык изилдөөчүлөр Дж.Л. Коэн жана Э. Арато жашаган. Жарандык коом деп алар “үй-бүлөдөн, ар кыл коомдук бирикмелерден, биринчи кезекте, өздүк конституттирлештирүүнүн жана мобилизациянын негизинде пайда болушкан ыктыярдуу, социалдык кыймылдардын, ачык коммуникациянын ар кыл формаларынан турган экономика менен мамлекеттин ортосундагы социалдык интеракция чөйрөсүн” түшүнүшөт [2, 545-б.]. Социумдун жана анын ичинде жарандык коомдун туруктуулугу мыйзамдар аркылуу жүзөгө ашырылат. Жарандык коомдун үч бөлүктүү модели татаалданып, “мамлекет – саясий коом – жарандык коом – экономикалык коом – экономика” сыяктуу беш бөлүктүү моделине алмаштырылган. “Бир жагынан, жарандык коом менен мамлекеттин, экинчи жагынан, жарандык коом менен рынок системасынын ортосундагы ортомчулар саясий коом жана экономикалык коом болуп саналат”[3].

Калифорния университетинин профессору Дж. Александер борбордук постулаты катары маданияттын салыштырмалуу өз алдынчалуулугун болмуштун чөйрөсү катары таануу эсептелген жарандык коомдун маданий парадигмасын сунуштайт. Анын өзөгүндө жарандык коомдун негизги символдук жана маани-маңыздык мүнөздөмөлөрү калыптанат, анын негизги максаты социалдык жашоонун моралдык жөнгө салуусунда турат. Жарандык коомдун өзүнүн парадигмасында Александер эки карама-каршы ыкманы бириктирүүгө аракет кылат, анда салттуу түрдө жекелик жана жамааттык –жарандык коомдун теориялары түзүлгөн. Дж. Александердын айтымында, социалдык тилектештик болмоюнча кандайдыр бир институттук жана маданий реформаларды жүргүзүү мүмкүн эмес. Ал «...институционалдык реформанын ар бир талабынын, маданий реформанын ар бир тарыхый өзгөчө талабынын негизинде жатат» [4, 550-б.].

Батыш социогуманитардык адабияттагы жарандык коом концепциясынын кайра жандануусу менен катар поставторитардык өлкөлөрдөгү демократия менен укуктук мамлекеттин калыптануусундагы жарандык коомдун ролунун ашыкча көбүртүп-жабыртылышы, өзгөчө идеалдашуу учуру талкууга алынган эмгектер пайда болот, жарандык коом өлкөлөрдө карама-каршылыктар менен чыңалууну түзөт (Г. Терборн, О. Энкарнасьон, К. Ханн). Америкалык изилдөөчү О. Энкарнасьондун айтымында, «күчтүү жарандык коом – ийгиликтүү демократиялаштыруунун зарыл шарты деген» постулат ынанымдуу далилдер менен тастыкталбаганы талаштуу [5].

"Жарандык коом" түшүнүгү оң жактуу коннотация менен гана колдонулбайт. Заманбап илимий адабиятта (Л. Уайтхед, Дж. Пирс) "жарандык эмес коом" деп аталган идеялар пайда болгон. Алардын элементтерине ар кыл мафиоздук структуралар, криминалдык топтор, улуттук жана шовинисттик ассоциациялар, радикалдуу экстремисттик уюмдар, диний фанатиктер таандык болгон жана алардын андай асыл максаттары болгон эмес [6, 188–189-бб.].

Демек, заманбап батыш философиялык жана коомдук-саясий ойломунда жарандык коомдун ар кыл парадигмалары калыптанган. Бирок аталган түшүнүктүн жалпы кабыл алынган түшүндүрүлүшү азыркыга чейин жок. Ошондой болсо дагы, бардыгы үчүн жарандык коомдун мамлекет менен экономикадан болгон дифференциациясы; экономикадагы базар карым-катнаштары, жарандардын жеке эркиндиктерин сыйлоо жана анын кепилдиги, укуктук мамлекеттин функционалдашуусу; жарандык коомдун институционалдык өзөгүн түзүүчү ыктыярдуу союздар жана ассоциациялардын өнүккөн системасы; жеке жашоонун жекелик жана кол тийбестик идеясы; маанилүүлөрү болуп ишеним, толеранттуулук, ынтымактык, ачыктык ж.б.у.с. болуп эсептелген баалуулуктардын жалпы системасына ыктоочулук сыяктуу жалпы белгилер мүнөздүү.

Жарандык коом маселеси боюнча илимий адабиятка болгон талдоо жарандык коомдун феноменине дисциплина аралык мүнөз тууралуу сындагы корутунду жасоого шарт түздү. Өзүнө көптөгөн ар кыл маани, маңыздарды жана аспектилерди камтуу менен ал көптөгөн социогуманитардык дисциплиналардын изилдөө предмети болуп эсептелет, алардын ар бири аталган феноменди өзүнүн предметтик талаасынын спецификасына жараша изилдейт. Ага байланыштуу бир катар орус изилдөөчүлөрү жарандык коомду изилдөөнүн философиялык, тарыхый, саясат таануучулук, социологиялык, экономикалык, укуктук жана башка ыкмаларын бөлүп көрсөтүшөт.

Экономикалык детерминанттардын көз карашында жарандык коомду А.А. Аузан, В.С. Библер, А.В. Одинцова, В.В. Колесников, В.Л. Тамбовцев изилдешкен. Маданият таануучулук ыкманын жолун жолдоочулар (Е.В. Белокурова, Н.Ю. Беляева, Г.Я. Гревцева, В. Дахин, М.С. Каган, И.Б. Левин) жарандык коомду социалдык системанын маданий формасы катары карашып, жарандык коомдун калыптануусунун этикалык маселелери приоритеттүү катары бөлүп көрсөтүшкөн. Бир катар коом таануучулар жарандык коомдун тарыхый жана социомаданий аспектилерине өзгөчө көңүл бурушкан (О.В. Хархордин).

Кыргызстандык социалдык-философиялык ойломдо жарандык коомдун калыптануусунун социомаданий шарттуулук маселелери Ж.К. Урманбетованын эмгектеринде түшүндүрүлөт. Ал жарандык коом менен демократиянын кыргызстандык моделин кыргыздардын саясий аң-сезимдин, социалдык эс-тутумдун жана руханий-маданий баалуулуктар системасынын контекстинде кароо керек экендигине көзү жетет жана кыргыз социумунун социомаданий өзгөчөлүктөрү батыштык үлгүдөгү либералдык демократия менен жарандык коомдун калыптануу жолундагы тоскоолдук болуп эсептелет [7].

Жарандык коомду изилдөөдө приоритет бүгүнкү күнү социологиялык жана саясат таануу илимдерине таандык (А. Акунов, М.Т. Артыкбаев, З.Т. Голенкова, К. Исаев, З. Курманов, А.В. Миронов, Р.И. Руденко, Ю.С. Васютин, И.А. Гобозов, Л.А. Халаева, К.С. Гаджиев ж. б.).

Дээрлик бир эле мезгилде постсоветтик илимий-теоретикалык мейкиндиктеги социогуманитардык адабияттагы жарандык коом маселесин талкуулоонун башталышы менен жарандык коомдун феноменинин салыштырмалуу универсалдуулугунун жана европалыктан башка социомаданий негиздердин айырмачылыктарына ээ болгон постсоветтик өлкөлөрдөн теориясы менен практикасында пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу талаш-тартыштар пайда болду. Орус окумуштуулар А. Дугин, В.С. Степин, С.Г. Кирдина «жарандык коом» постсоветтик өлкөлөр үчүн ыңгайлуу эмес, андыктан бул батыш-европалык романдык-германдык цивилизациянын өнүгүүсүнүн социалдык-саясий продуктусу деген пикирде болушкан [8]. Алардын оппоненттери (В. Хорос, В.В. Витюк, В.И. Бакштановский, Ю.В. Согомонов жана башкалар) жарандык коомдун универсалдуу мүнөзү тууралуу көз караштаы карманышкан.

Жогорудагы талаш-тартыштардын контекстинде актуалдуулукка жарандык коомдун евразиялык модел идеясы ээ болот. Анын жолун жолдоочулардын (Ю. Бондарь, А.Х. Бугазов, Е.В. Галкина, Ф.Д. Хайбулина ж. б.) пикиринде, "жогорудагы модел өзүнө жарандык коомдун салттуулук жана батыш институттарынын белгилерин бириктирип, интеллектуалдык жана социомаданий салттар менен байланышкан өзүнүн спецификалык белгилерин алып келүү менен чыгыш жана батыш моделдеринин салттарын айкалыштырып, жарандык коомго байланыштуу мамлекеттик патернализмди коргоого негизделет" [9]. Чындыгында эле көптөгөн постсоветтик өлкөлөрдүн тарыхый жана социомаданий өзгөчөлүктөрү бул сөздү Батышка да, Чыгышка да таандык кылууга шарт түзбөйт. Ааламдашуу, бир жагынан, этникалык өзгөчөлүгүн сактоого болгон аракет, экинчи жагынан, СССРдин алкагындагы жалпы өткөөл мезгилди; үчүнчүдөн, евразиялык модел деп атоого болгон жарандык коомдун өзгөчө моделин детерминациялайт.

Ата-мекендик философиялык ойломдо жарандык коом теориясынын ар кыл аспектилери Р.А. Ачылова, Ч.Т. Нусупов, Р.Д. Стамова, О.А. Тогусаков, У.К. Чиналиев, М.М. Эдилова, А.Б. Элебаева ж. б. эмгектеринде изилденет.

Жарандык коомдун аныктамасынын ыкмаларынын көп түрдүүлүгүн анын түрдүү структуралык классификациялары аныктайт. Заманбап социогуманитардык адабиятта жарандык коомдун структурасындагы үч негизги: институционалдык (К.С. Гаджиев, В. Смольков), системалык (В.А. Варывдин, А.К. Жарова, В.Н. Карташов, Р.Т. Мухаев) жана сектордук ыкмаларын (И.Н. Гаврилова, И.В. Мерсиянова, К. Молдогазиева ж. б.) бөлүп көрсөтүүгө болот.

Жарандык коомдун структурасын изилдөөдө методологиялык түшүмдүүлүк болуп жарандык коом көп структуралуу, ошондуктан анын деңгээлдеринин, чөйрөлөрүнүн жана элементтеринин татаал бирдиктүү иш-аракетинде орунга ээ деген ыкма эсептелет.

Жарандык коомдун потенциалы ал аткарган функциялардын жардамы менен жүзөгө ашырылат. Заманбап илимий адабиятта болгон жарандык коомдун функцияларынын ар кыл классификацияларынын ичинде орус философу Е.В. Дементьеванын классификациясын бөлүп көрсөтүүгө болот. Ал жарандык коомдун ишмердүүлүгүнүн алкагында жаткан ауторегулятивдик, гомеостатистик, бириктирүүчү, маданий-чыгармачылык, укук коргоочулук, сублимативдик жана тарбиялык функцияларды бөлүп көрсөтөт [10].

Демек, XX кылымдын акыркы чейрегинде батыш социогуманитардык ойломунда пайда болгон жарандык коомдун жаңы парадигмалары анын классикалуу салттарына эле эмес, философиялык постмодернизмдин идеяларына да таянышкан. Жарандык коомдун теориясынын классиктери тарабынан жарыяланган либералдык мамлекеттин баалуулуктары менен катар көптөгөн заманбап концепциялар үчүн жарандык коомдун калыптануусуна объективдүү эле эмес, субъективдүү да факторлор тарабынан шартталган күтүлбөгөн жана көп варианттуу процессине болгон көз караштар мүнөздүү. Ошону менен бирге жарандык коомдун заманбап келбети баарынан мурда материалдык эмес мүнөздөгү себептер менен детерминацияланып жана постзаманбаптык этапта маданияттын таасири жана рационалдык дискурс басымдуулук кылат деген катачылык кетирет. Батыш социогуманитардык адабияттагы жарандык коом концепциясынын кайра жандануусу менен катар поставторитардык өлкөлөрдөгү демократия менен укуктук мамлекеттин калыптануусундагы жарандык коомдун өзгөчө идеалдашкан, ашыкча көбүртүп-жабыртылган ролу талкууга алынып, жарандык коом аталган өлкөлөрдө карама-каршылык менен чыңалууну түзүп, жарандык коомдун батыштык моделинин универсалдуулугу жана аталган өлкөлөрдөгү анын пайдалануусу күмөн туудурат.

Постсоветтик социогуманитардык мейкиндиктеги жарандык коомдун концептуалдуу моделдери үчүн бир жагынан, кандайдыр бир идеалдуу абал катары мүмкүндүк менен анык-туулуктун, идеалдуулук менен реалдуулуктун кесилишинде интерпретацияланууучу жарандык коомду дескриптивдик-прескрипивдик түшүнүү, экинчи жагынан, реалдуу конкреттүү-тарыхый феномен катары мүнөздөө; жарандык коомдун анын мамлекет менен болгон дихотомиясынын көз карашындагы классикалык чечмеленишине

тартылуусу; руханий-теоретикалык жактан болуп жаткан өзгөрүүлөрдү санкциялоого чакырган жарандык коомго артыкчылыктуу идеологиялык ыкма.

Демек, жарандык коомдун ар кыл концептуалдык парадигмаларына жүргүзүлгөн социалдык-философиялык талдоонун негизинде төмөнкүдөй дефиницияны сунуштоого болот: жарандык коом – бул өзүнө мамлекеттен көз каранды болбогон жана ошол эле мезгилде жалпы жыргалчылыкка, социалдык тартипке жана келишимге жетүүгө багытталган өз мүчөлөрүнүн жекелик жана жамааттык муктаждыктарын жүзөгө ашырууну камсыз кылуучу, өнөктөштүк, тилектештик жана дени сак атаандаштыкка негизделген «горизонталдуу» мүнөздү алып жүргөн, аны менен бирге өздүк уюштурулган социалдык институттар, коомдук өз ара байланыштар жана карым-катнаштар (үй-бүлөлүк, диний, моралдык-нравалык, саясий, экономикалык, этникалык, маданий, укуктук жана башка) системасын камтыган өзгөчө социомаданий мейкиндик.

Поступила: 18.12.2024;
рецензирована: 10.01.2025; принята: 14.01.2025.

***Адабияттар***

1. *Habermas J.* Faktizität und Geltung. Beiträge zur Diskurstheorie des Rechts und des demokratischen Rechtsstaates / J. Habermas. Frankfurt: Suhrkamp Verlag AG, 1992. 667 s.
2. *Коэн Дж. Л.* Гражданское общество и политическая теория / Дж.Л. Коэн, Э.М. Арато; пер. с англ.; общ. ред. И.И. Мюрберг. М.: Весь Мир, 2003. 784 с.
3. *Бектанова А.К.* Парадигмы гражданского общества в современной западной философии / А.К. Бектанова // Вестник КРСУ. 2023. Т. 23. № 10. С. 33–38.
4. *Alexander J.C.* The Civil Sphere / J.C. Alexander. Oxford: Oxford university press, 2006. 816 p.
5. *Энкарнасьон*. Миссионеры Токвиля. Пропаганда гражданского общества и поддержка демократии. URL: https://www.russ.ru/politics/meta/20010220_toc.html (дата обращения: 23.06.2022).
6. Теория политики: учеб. пособие / под ред. Б.А. Исаева. СПб.: Питер, 2008. 464 с.
7. *Урманбетова Ж.К.* Specifics of democratic reforms in Kyrgyzstan / Ж.К. Урманбетова // Проблемы совр. науки и образования. 2017. № 5 (87). С. 102–108.
8. *Кирдина С.Г.* «Гражданское общество»: уход от идеологемы / С.Г. Кирдина // Социол. исслед. 2012. № 2. С. 63–73.
9. *Галкина Е.В.* Концептуальный анализ современных моделей гражданского общества / Е.В. Галкина. Исторические, филос., полит. и юрид. науки, культурология и искусствоведение // Вопросы теории и практики. Тамбов, 2012. № 8 (22). Ч. I. С. 61–63.
10. *Дементьев В.Е.* Гражданское общество, правовое государство / В.Е. Дементьев // Вестник Моск. гос. област. ун-та. Сер. Юриспруденция. 2009. № 3. С. 89–96.